# Сагыныч

Сөзү: Жолдошбек Бузурманкулов

Обону. Туратбек Дуйшеев

Боз булут боздоп келет, жашып-чөгөт,

Бооруна жер эненин жашын төгөт.

Сен учуп карегимден закым болуп,

Санаага сагынычка башым төнөт.

Ой күңүрт, тоолор күңүрт, талаа күңүрт,

Ой күлүк, кыял күлүк, санаа бүлүк.

Тамчыдай чогултамын элесиңди,

Жүрөктүн толтосунда ала жүрүп.

Эмнеге булут ыйлайт бугу бардай?

Эмнеге жүрөк сыздайт жулунардай?

Эмнеге сансыз ойлор чүмбөттөлөт,

Салбырап, жут чакырчу улуу кардай?

Кез келер күтөлүчү, чыдайлычы,

Күн нуру сур булутту сүрөп чыгар.

Кез келер махабаттын гүлү ачылып,

Жан биргем бет алдымдан күлүп чыгар.